| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**АЛАМҮДҮН РАЙОНУ**<br>**АРАШАН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН**<br>**АРАШАНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

**Бириккен Арашан айылдык кеңешинин**
**I-чакырылышынын VI кезексиз сессиясы**

**Таш-Дөбө айылы** **12-март 2025 жыл**

**ТОКТОМ №17**

Арашан айылдык кеңеши 2025-жылдын 11-мартында өткөн сессияда, Кыргыз Республиканын жараны Куттубек уулу Азаматан 2025-жылдын 25-февралында келип түшкөн арызын карап чыгып, Арашан айылдык кеңештин депутаты Алымкулов Кемеркул Алымкуловичтин маалыматын угуп жана талкуулап, мал оттогон жайыттарга зыян келтирбөө максатында

**Арашан айылдык кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

1. Арашан айыл аймагында №1043, 1042 контурларында жайгашкан аянты 7 гектарды түзгөн жер тилкесинин 15-жылга ижарага берүү жөнүндө, 2025-жылдын 25-февралында Куттубек уулу Азаматан келип түшкөн арызы канааттандырылбасын.
2. Квадроцикл, мотоцикл жана ошондой эле башка мототехникалардын жайыт жерлерин тепселеп, эркин жүрүшүнө тыюу салынсын, атайын жолдор менен жүрүшсүн.
3. Жогоруда көрсөтүлгөн эрежелер бузулуп, жайыт жерлерде мототехникалар менен жүргөн фактылар аныкталган учурда Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулар жөнүндө кодексине” ылайык административдик чара көрүлсүн жана тиешелүү өлчөмдө айып пул салынсын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Болгонбаевге жана МИ “Арашан Биридиги” директору Б.К. Осмоналиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Курманбаев**